# Т Е М А: СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДУН АТА-ЭНЕСИЗ КАЛГАН БАЛДАР МЕНЕН ИШТӨӨСҮ

- Негизги түшүнүктөр: Ата-энесиз, балдар,камкордук,жетим, социалдык,асыранды,асырап алуу.
- Ресурстар: Флипчарт,маркерлер, проектор.
- Максат:

Социалдык педагогдун ата-энесиз калган балдар менен иштөөсү тууралуу кошумча маалымат алышып, иштин багытын аныктай алышат.

**Милдеттер:**

Социалдык педагогдор ата-энесиз калган балдар менен иштөөнү иш-тажрыйбалары менен салыштырышат.

Ата-энесиз калган балдар менен иштөөдөгү өзгөчөлүктөрдү аныктап,талдашат.

Алган маалыматтарды практикада колдонушат.

**Күтүлүүчү натыйжа:**

Социалдык педагогдун ата-энесиз калган балдар менен иштөөсүнүн багытын аныктап айтып беришет.

Аталган кыйынчылыктарды талдашып,аларды чечүүнүн жолдорун сунуштай алышат.

| № | **Теманын мазмуну** | **Колдонулуучу методдор** | **Баалоонун техникалары** |
|---|---|---|---|
| 1. | Теманын максаттары,милдеттери менен тааныштыруу | | |
| 2. | Киришүү | Мини-лекция | |
| | Социалдык педагогдун ата-энесиз калган балдар менен иштөөсү | Мээге чабуул.Жекече,жупта,топто иштөө | презентация |
| 3. | Ата-энесиз калган балдарга көрүлгөн камкордук | Мээге чабуул. Топтордо иштөө | Байкоо жүргүзүү презентация |
| 4. | Жыйынтыктоо | | Өзүн-өзү, топтордун бирин-бири баалоосу |

Киришүү:

Азыркы убакта илимий эмгектерде жана турмушта жетим жана социалдык жетим деген түшүнүктөр колдонулат.Жетим 18 жашка чейин ата-энесиз өскөн же экөөнүн бирөөсү бар бала.Социалдык жетим ата-энеси экөө тең же бирөө бар, бирок багуусуз, кароосуз калган бала.

Аларга:

-ата-энеси каза болгон;

-ата-эненин укугунан ажыратылган;

-ата-энелик милдеттен чектелген;

-дайынсыз жоголгон;

-эмгекке жарамсыз;

-абакта жаткандар;

-баланы багуудан качкандар;

-ооруканадан же балдар үйүнө убактылуу өткөрүлгөн балдарды албай койгон ата-энелери бар балдар.

Булар жөнүндө камкордукту мамлекет же бир уюм колуна алат.Жашы жетпеген же оорулуу баланы балакатка жеткенче кароо,анын жекече укугун жана мүлкүн сактоо үчүн жүргүзгөн иш-аракет камкордук деп, ал эми көбүрөөк баланы көзөмөлгө алуу(жашы жеткенче) камкорчулук (көзөмөлчүлүк) деп аталат.

Камкорчулук мыйзам боюнча 14 жашка толо элек балдар үчүн, көзөмөл 14 жаштан 18жашка чейин белгиленген.Мындан ары “жетим” деген сөздү кароосуз калган бала жана социалдык жетим деп түшүнсөк болот.

Биздин өлкөдө 20-жылдары жетим балдарды социалдык жактан камсыздандыруу мекемелери, мектеп жашына чейинки, мектеп жашындагы балдар үйлөрү, кесиптик эмгек колониялары жан эмгек коммуналары иштей баштаган.

30-жылдары бул мекемелер жоюлуп, алардын ордуна бөбөктөр үйү, балдар интернаттары иштеген. Ал эми 80-жылдарда жетимдерге жардам берүүчү жаңы типтеги үй-бүлөлүк балдар үйлөрү, балдарды кабыл алуучу жайлар ачылган.Бишкекте 90-жылы “Жетим балдарды колдоо” прграммасы боюнча “ SOS-Кыргызстан балдар айылы” курулган.Ушундай балдар айылы “Бактылуу балалык”деген ат менен Чолпон-Ата шаарында ишке киргизилген.Бул мекемелерде ар бир жетим балага жекече мамиле,гумандуу чөйрө, балага эң кымбат болгон ата-эненин мээрими, үй-бүлөдөй кырдаал түзүлгөн.

Социалдык жетимдер проблемасы ар кайсы өлкөдө бар.Мисалы: АКШ да ооруканалар, төрөт үйлөрү атайын мекемелер таштанды балдарга толгон. Аларды “таштанда балдар”, “кереги жок, каалабаган балдар”, “казынанын балдары”, “түбөлүк бөбөк”деп аташат.

БУУнун эл аралык эксперттери белгилегендей Батыш жана Чыгыш Европада, ошондой эле өнүккөн өлкөлөрдө кароосуз калган балдардын саны көбөйүүдө.Кыргызстанда социалдык жетимдер Октябрь революциясынын, граждандык жана Улуу Ата Мекендик согуштардын, 20-30-жылдарда террордун, эң акырында 80-жылдардын аягында 90-жылдардын башында пайда болгон.

Жетимдиктин кенен тараган үч себебин айталы:

1. Ата-энеси (өзгөчө энеси) жаңы төрөлгөн баласын төрөт үйүнө же башка жерлерге (бирөөнүн эшигинин алдына өз ыктыяры менен таштап кетүүсү). Ал укук коргоо органдары тарабынан катталат да, үч ай ичинде кайра алууга болот. Албаса асыранды бала катары каалаган адамдар өзүнө каттатып, багып алса болот.

2. Баланын кызыкчылыгын коргоо максатында коомго жат көрүнүштөргө кабылган (аракеч, эмгекке жараксыз, оорулуу ж.б.) ата-энеси аргасыздан укугунан ажыратылып, сот аркылуу баланы бөлүп алып, мамлекеттик мекемелерге тапшыруу.
3. Тоголок жетим калгандар же бир катуу табигый кырсыктын натыйжасында (согуш, жер титирөө, суу ташкыны, көчкү ж.б.) жоголгон балдар.

# Жыйынтыктоо

Мамлекет менен коомчулуктун максаты- баланын укугун коргоо, окутуу, тарбиялоо иштерин үй-бүлөдө өткөрүүгө жардам берүү.Бала үчүн үй-бүлө эң маанилүү жана керектүү чөйрө.Социалдык педагогдун иш-аракети баланын үй-бүлөдө  калуусуна арналыш керек. Эгерде андай шарт мүмкун эмес болсо, бала үчүн ылайык үй-бүлө издеп, асырап алууга жардам берүү.

БУУнун Конвенциясында жазылгандай бала үйдө жашап жана тарбиялануу укугу, ата-энелери жана туугандары менен баарлашуу, өзүн-өзү коргоо, атын, атасынын атын билүү, ата-тегин таанууга акысы бар.

Ошондуктан:

- баланын ата-энеси менен болуусу;
- кайра үй-бүлөсүнө келүүсү;
- багып алууга уруксат берүү;
- чет өлкөдөн да асырап алуу;
- башка үй-бүлөгө тарбиялоого берүү;
- атайын уюштурулган мекемелерге жайгаштыруу укуктары мамлекет тарабынан чечилет.

Суроолор:

1.Аз камсыз үй-бүлө  менен кандай иш алып баасыңар?

2.Асыроочуүй-бүлө тууралуу айтып бериңизчи?

3.Жалган никенин маанисин айтып бергилечи?

4.Карын энелик келишим деген эмне?

5.Коркунуч тобундагы үй-бүлө силерде барбы? Эгер бар болсо, кандай иштер жүрүп жатат?

## Адабияттар:


1.Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодекси.

2.Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндө КР Мыйзамы.

3.Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик пособиелер жөнүндө.

4.Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө Кодекси.

5.Жooданбек Асылбек. Балдарды тарбиялоо атанын орду тууралуу. “Билим.Тарбия. Адеп” журналы 2011.№4